Ийри-Суу негизги мектеби

# Тарбиялык саат

## Тема: Тил адамга көпүрө

Мугалим:Нурланбек кызы Айнек

# Тил-адамга көпүрө

Тил адам коому менен бирге пайда болгон жана аны менен бирге өсүп-өнүгүп келе жатат. Тилдин өнүгүшү коомдогу өзгөрүүлөргө, атап айтканда, илимдин, техниканын, маданияттын өсүшүнө жараша болот.

Адам баласынын жашоосундагы эң зарыл, өтө керектүү куралы – тил, анткени адамдар тил аркылуу өз ара сүйлөшөт, ой пикирлерин айтышат, ар кандай ички сезимдерин билдиришет. Тил адамзаттын тажрыйбасындагы жетишкендиктердин баарын өзүндө сактап, аларды тил аркылуу улам кийинки муундарга жеткирип турат. Ошон үчүн улуу "Манас" дастаны тилдин жардамы менен байыркыдан ушул күнгө чейин келип жетти.

Жаш муундарды адептүүлүккө тарбиялоо, илим-билим берүү, элдердин ортосундагы достукту чыңдоо сыяктуу эң зарыл жана маанилүү иштердин баары тил аркылуу жүргүзүлүп, жүзөгө ашырылат.

Кыргыз тили – кыргыз элинин мамлекеттик тили. Анда, улуттун баардык асыл нарктары сакталган: рухий байлыгы, каада-салты,үрп-адаты, айкөл пейили. Ошон үчүн биздин ата-бабаларыбыз, сөз өнөрүн жогору баалашып, "Өнөр алды – кызыл тил"- деген көөнөрбөс осуяттарын жаштарга айтып келишкен.

Кыргыз тили пикир алышуу кызматын тейлөө менен бирге мамлекеттик иштерде, илимде, билим берүүдө, маданиятта, басма сөздөрдө кеңири колдонулат. Чынында, кыргыз улуту үчүн кыргыз тили-көөнөрбөс рухий байлык. Ошон үчүн эне сүтү менен берилген мындай улуу нерсенин сыйкырдуу күчүн жан-дүйнөбүзгө терең сиңирип, эне тилибизди урматтоо, аны үйрөнүү ар бир атуулдун адамдык парзы болууга тийиш.

Эне тилим – шоола чачкан жылдызым,
Эне тилим жашоо берген күн нурум.
Эне тилим – кыргыз тилим өз тилим,
Эне тилге тил тийгизбе эч кимиң?!

Биздин эне тил – байыркы тил. Ошондуктан элдин байыркы замандан бери тажрыйба билим, тарыхы, акыл казынасы топтолгон чыгармалар да эне тилдин күчү менен бизге жетип, рухий дөөлөттөрүбүздү байытат.

Жалгыз дарак токой болбойт дегендей, адам улуттук тилин жарата албайт. Тил бүтүндөй элдин байлыгы. Тил ар дайым эл менен кошо өнүгүп, өзгөрүп, жаңыланып, тазарып жана байып толот. Элдик оозеки, көркөм мурастар да, жазма адабий  чыгармалар да эне тилдин кудурети менен жашайт. Биз эне тилдин тазалыгын жана көөнөрбөс байлыгын дал ушул океандай чалкыган кыргыз элинин көркөм кенчин көрөбүз.

Энең берген  эне тилин билип өс,

Атаң айткан Ата-Журтту сүйүп өс.

Ала-Тоонун болуп дайым эркеси,

Ак элечек, ак калпакты кийип өс.

Биздин эне тилибиз бул кыргыз улуттук тили! Ал кыргыз элин башка элдерден өзгөчөлөнтүп турган “эн” белги. Кыргыз эли эненин баа жеткис ордун татыктуу  баалап, өз улутунун тилин “эне тил” деп атаган. Биздин эне тилибиз – дүйнөдөгү эң уккулуктуу жана бай  тилдердин катарына кошулат! Биздин тилибиз – бабам Манас сүйгөн тил! Биздин эне тилибиз – баа жеткис бай тарыхы бар тил! Эне тилибизде сүйлөшүү биз үчүн сыймыктуу!

Тил ыйык, тил баалаган адам ыйык,

Тил тунук, тил түшүнгөн адам тунук.

Кыргыздар бар болгула тилиң менен,

Жана да ар бир сөзүн жүрөккө уют.

Улуу элдин улуулугун тил болбосо ким сактайт. Тил улуттун жаны го. Аны кадырлап, ал тилде көп окуп, көп жазып байытыш ар бирибиздин атуулдук милдетибиз.